| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛАСТЫ<br>ЫСЫК-АТА РАЙОНУ<br><br>НУРМАНБЕТ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН<br>НУРМАНБЕТ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН<br><br>НУРМАНБЕТСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>НУРМАНБЕТСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

# ТОКТОМ

8-декабрь 2021-жыл №29/V1-28 Нурманбет а

Каржы каражаттын бөлүү жөнүндө

Нурманбет айылдык кеңешинин кезектеги сессиясында Кыргыз Республикасынын Президентинин тапшырмасын жана Ысык-Ата районунун мамлекеттик администрациясынын 2021-жылдын 24-ноябрындагы №369-буйругун аткаруу максатында 2021-2022-жылдардын күз-кыш мезгилине карата айыл аймактын аз камсыз болгон калктын аярлуу катмарын көмүр менен камсыз кылуу ошондой эле Нурманбет айылындагы Үй бүлөлүк дарыгерлер тобуна жаңы курулуп жаткан имараттын салынышына көзөмөл жүргүзүү,электр зымдарын орнотуу, кум-шагыл таштарын ташып төгүү иштерин жана Нурманбет айылындагы суу топтомо мунарасын бүтүрүү иштерин аткаруу жөнүндө маселелерин карап жана талкуулап айылдык кеңеши токтом кылат:

1.ҮБДТобунун имаратына электр зымдарын орнотуу иштерине кызмат акысын төлөөгө 2021-жылдын сметасындагы 70629 бөлүгүнүн 2215 статьясындагы колдонулбай жана үнөмдөлүп калган акча каражаттарынын эсебинен 36,1миң сом колдонулсун.

2.ҮБДТобунун имаратынын салынышын көзөмөл жүргүзүүгө атайын сертификат менен тастыкталган адисти жалдоо,кум-шагыл төгүү иштерин аткарууга 2021-жылдын сметасындагы 70629 бөлүгүндөгү 2221 статьясындагы колдонулбай жана үнөмдөлүп калган 160миң сом 70629 бөлүгүнүн 2215 статьясына жылдырылсын.

3.Кара-Кече көмүр карьеринен тоннасын 3000(үч миң)сомдук көмүр ташып келүү чыгымдарын 2021-жылдын сметасындагы 70629 бөлүгүнүн 2215 статьясындагы колдонулбай жана үнөмдөлүп калган акча каражаттарынын эсебинен 100,0миң сом колдонулсун.

4.Нурманбет айылындагы суу топтомо мунарасын бүтүрүү иштерин аткарууга долбоор жазылып Чүй өнүктүрүү фондусу аркылуу ишке ашырылсын.

5.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Нурманбет айылдык кеңешинин бюджет жана финансы боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Нурманбет айылдык кеңешинин
төрагасынын орун басары: Ж.Сагынбекова